
Ишеним телефондор
103-Тез жардам
102-Милиция
101-Өрт өчүрүүчү
111-Балдар үчүн ишеним телефон
112-МЧС
Ишеним кутучасы


Ишеним
кутучасы

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы Алдын алуу кеңешинин кезектеги ишеним кутучасын ачуунун**

№2 ПРОТОКОЛУ

Кызыл-Кыя шаары 14.10.2021-жыл

**Катышкандар :**

Төрайым :Атаханова Ш.Б

Катчы:Бекенова Г

Мүчөлөр:

Кыргыз тили мугалими : Алимбаева Т

Математика мугалими :Мурзахматова З

Мектептин участкалык инспектору : Калматов Т

Профсоюз төрайымы : Турдуматова А

Ата-эне Беккелдиева Р

Чакырылган мугалимдер: 6-а классынын класс жетекчиси Тагаева Айгул .

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1.Мектептин ишеним кутучасына түшкөн арыз, даттанууларды кароо.

**Угулду:**

1. Маселе боюнча алдын алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Шаиргүл сөз сүйлөдү:

Саламатсыздарбы урматтуу алдын алуу кеңешмесинин мүчөлөрү.

Биз төмөндөгү Алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү : 2022-жылдын 16- октябрь күнү мектептин организатору жана мектеп участкалык инспектору Калматов Тагдыр, соцпедагогу Атаханова Шаиргүл менен бирдикте мектептин ишеним кутучасы ачылды. Кутучага эч кандай арыз даттануу түшкөн эмес.Арыз даттануу ишеним кутучада жок болушу, бүгүнкү күндө мектепте зордук-зомбулук жок экенин далилдейт.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

1.Калматов Тагдыр сөз сүйлөдү.

Чындыгында ушундай даттануу жок болсо демек мен ойлоймун ата-энелер,мугалимдер,окуучулар тарабынанда бири-бири менен пикир келишпестиктер жок деп түшүнөбүз. Бул аябагандай жакшы деп ойлоймун.

2.Алдын алуу кеңешинин мүчөсү Беккелдиева сөз сүйлөдү.

Мен бул мектепте эки жылдан бери ата-энелер кенешинин мүчөсү болуп иштеймин. Ишеним кутучага арыз,даттанууну салуу керек энедигин менин оюмча бардык эле ата-энелер билишет деп ойлоймун. Окуучуларыбызда ишеним кутучасынын иштеп жаткандыгын билишет.Ошондуктан арыз даттануу салынбаса демек мектепте күч колдонуп үстөмдүүлүк кылган көрүнүштөрдү жок деп билсек болот.

**3. Мектептин тарбия завучу Бекенова Гүлмира сөз сүйлөдү**:

Чындыгында биздин мектепте быйылкы жылы одоно тартип бузуулар болгон жок.Мына ошондуктан да мен ойлоймун кутучага арыз даттанууну жазышкан жок болсо керек. Балким кутучага кат жазууну билишпей жүргөн окуучуларыбыз болгон чыгаар.Ошондуктан кутуча жөнүндө окуучуларга тереңирээк маалымат берип,түшүндүрүү иштерин алып барсак жакшы болот эле.

**4. Алдын алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Шайыргүл сөз сүйлөдү**:

Анда жогорудагы Гулмира эжекенин айткан сөздөрүн эске алып, алдын алуу кеңеши төмөнкүдөй чечим чыгарат.

**Чечим:**

Жогорудагы ишеним кутучасын өз убагында ачып туруу жана түшкөн арыз даттануулар боюнча түшүндүрүү иштерин өз убагында жүргүзүү алдын алуу кеңешмесине сунушталат.

Алдын алуу кеңешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы ишеним кутучаны ачуунун**

**№2 ПРОТОКОЛУ**

20.10.2022-жыл. Кызыл-Кыя шаары

Катышуучулар:

Төрайым-Атаханова Ш.Б

Катчы- Бекенова Г

Мүчө - Алимбаева Т

Мектеп профкому - Турдуматова. А

Ата-энелер төрайымы - Беккелдиева Б

Калматов Т - мектептин участкалык инспектору

Чакырылды 6-а классынын класс жетекчиси Тагаева А.

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1.Ишеним кутучага түшкөн арыз даттанууларды кароо

**Угулду:**

**1-маселе боюнча алдын алуу алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Ш.Б. сөз сүйлөдү.**

Биз түзүлгөн курам менен мектептин ишеним кутучасын ай сайын ачып, кутучага түшкөн арыз даттанууларды жогорудагы алдын алуу кеңеш мүчөлөрү менен карап чыгып, ишеним кутучаны ачкан мезгилде мектептин 6-а классынын окуучусу Актилектин үстүнөн 6-класстын окуучулары кат салышкан. Катта 6-класстын эркек балдарын 6-а класстын окуучусу Рахманалиев Актилек урат деп жазышкан.

Андан сырткаары эч кандай арыз даттануу, укук бузуу болгон эмес.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

**1.1. 6-А классынын класс жетекчиси Тагаева А сөз сүйлөдү.**

**Саламатсыздарбы?**

Ооба Актилектин үстүнөн окуучулар оозеки да мага кайрылышкан. Актилек менен жакшы эле иштеп келем. Макул эжеке дейт бирок сыртта классташтарын уруп койот экен. Апасына да телефон аркылуу сүйлөшүп жатамын. Актилек өзү ак көнул айткан ишти аткарууга аракет кылат.Ачуусу бат келгендиктен досторун өзүн кармай албай уруп койот. Ал эми апасын чакырсам такыр келбейт. Себеби үч уул баласы бар. Жалгыз тарбиялайт. Ошондуктан иштеп колум бошобойт дейт.

**1.2.Мектептин участкалык инспектору Калматов Т сөз сөйлөдү.**

Эгерде Актилек ушинтип балдарды ура берген болсо “Тобокел тобуна” каттоого алууну сунуштайм.

**1.3.Алдын алуу кеңешинин мүчөсү Алимбаева Т сөз сүйлөдү**

Ак тилек менен дагы сүйлөшүп тартипке чакыралы.Окуучу 6-класс экен.Балким жакшылап сүйлөшсөк эсине келип тартиби оңолот.Биринчи эле тобокел тобуна алсак жаш окууга туура болбой калатго. Ошондуктан балким соцпедагог да сүйлөшүп тушүндүрүп тарбияга чакырат. Же болбосо мектептин алдын алуу кеңешинде Рахманалиевтин апасын чакырып, сүйлөшүү жүргүзүү керек.

**Чечим :**

**1-маселе боюнча жогорудагы маселелерди угуп чыгып түзүлгөн курам чечим кылат.**

1.Ишеним кутучанын ишин канааттандырарлык деп бааланат.

2. 6-а классынын окуучусу Рахманалиев Актилектин тартибин көзөмөлдөө жагы класс жетекчи Тагаевага жана соцпедагогко милдеттендирилет. Эгерде тартибин оңодобосо мектептин алдын алуу кеңешинде кароо сунушталат.

Алдын алуу кенешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы ишеним кутучаны ачуунун**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**28.09.2022-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

Катышуучулар:

Төрайым: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г

Алимбаева Т мүчө

Турдуматова. А мектеп профкому

Беккелдиева Б ата-энелер төрайымы

Калматов Т мектептин участкалык инспектору

Амираев М мүчө

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1.Ишеним кутучага түшкөн арыз даттанууларды кароо

2. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

**1-маселе боюнча алдын алуу алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Ш.Б. сөз сүйлөдү.**

Сааламатсыздарбы урматтуу кеңешме мүчөлөрү. Биз түзүзүлгөн курам менен мектептин ишеним кутучасын ай сайын ачып, кутучага түшкөн арыз даттанууларды карап, чыгыбыз. Кутучаны ачкан мезгилде рекетчиликтин, жем корлук, зордук-зомбулук боюнча эч кандай арыз даттануулар болгон эмес.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

**1.Мектептин участкалык инспектору Калматов Т сөз сөйлөдү.**

Биз шаардык жашы жете элек өспүрүмдөр инспекторлору мектепке тынымсыз келип, рекетчилик, зордук-зомбулук, кылмыштуулук боюнча түшүндүрүү иштерин жүргузүп келебиз. Жаңы окуу жылы башталгандан бери мектепте укук бузуулар, рекетчилик, кылмыштуулук боюнча эч кандай катталуулар түшбөгөнүн белгиледи.

**2.Мектептин тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Бекенова Г сөз сүйлөдү.**

Ооба чындыгында мектеп ичинде тартип бузуулар бираздан болуп жатат, бирок аны класс жетекчилер өзүлөрү эле чечишип, өтө одоно тартип бузууга алып келген жок.

**3.Алимбаева Тахиба алдын алуу кеңешинин мүчөсү**

Жаңы окуу жылы башталгандан бери мектепте чындыгында одоно тартип бузуулар болбогондугу көрүнүп турат. Бул класс жетекчилердин эмгеи. Бирок мектептин ишеним

кутучасы боюнча окуучуларга тереңиреек маалымат берип, кандай учурда кутучага кат жазып салуулары керек экендиги боюнча маалымат берүүбүз заарыл.

**Чечим :**

**1-маселе боюнча жогорудагы маселелерди угуп түзүлгөн курам чечим кылат.**

Сентябрь айындагы ишеним кутучанын ишин канааттандырарлык деп табылсын.

**2-маселе боюнча Мектептин тарбия завучу Бекенова Гсөз сүйлөдү.**

Урматту алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү мектеп ичинде окуучуларга мүмкүн болсо ай сайын кылмыштуулук боюнча маалыматты, семинар, чогулуштарды көбүрөөк өтсөк. Өзүңуздөргө белгилүү 5-класстар арасында бири-бири менен пикир келишпестиктер болуп жатат. Албетте бул 5-класстардын жаңы окуу чөйрөгө кошулуп, өзүлөрүн чоң адамдардай сезүүсү болсо керек.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

**1.Соцпедагог Атаханова Ш сөз сүйлөдү.**

Ооба бул маселени биз класс жетекчилер менен сүйлөшкөнбүз, азыр класс жетекчилер бул маселени класс жетекчилер ата-энелер менен бирге иш алып барып жатышат.Азыркы күндө 5-класстын окуучуларынын тартиптери жакшыланып келүүдө.

**1.2.Ата-энелер комитетинин мүчөсү Беккелдиева сөз сүйлөдү**

Менин да 5-а класста кызым бар.Чындыгында 5-класс мектептин жогору этаждарына, жаңы мугалимдер болуп, өздөрүн тартиптерин бираз өзгөртүп, эми мына өзүлөрүн кармана башташты. Ойлоймун мугалимдери ата-энелери менен бирге 5-класстардын мектепте өзүн алып, жүрүүлөрүн туура түшүндүрүп, тартипке келтиришет.

**Чечим:**

Экинчи маселени угуп чыгып алдын алуу кеңеши төмөнкүдөй чечим кылат.

5-класстын окуучулары менен тартип, тарбия боюнча тынымсыз иш алып баруу класс жетекчилерине жүктөлөт. Тартипти көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекеновага сунушталат.

Алдын алуу кенешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г